**Бишкек аймактык шайлоо комиссиясына**

Бишкек ш. Москва көчөсү 15
Tikbishkek@gmail.com

**жаран Акунов Урмат Бектемировичтен**
дареги: Нарын облусу, Нарын району,
Орто-Нура айылы, Стамбек ата көчөсү 15
тел.: 0700 112254

Кыргыз Республикасынын депутаты Марлен Маматалиевдин "Муктаждарга канчалык көп жардам берсең, сага Кудайдан эки эсе кайтат" аттуу аталыштагы интервьюсу, "АЗИЯ news» газетасынын 2021-жылдын 25-марттагы № 12 (390) санында, 7-бетте, 2500 даана нуска менен чыккан. "АЗИЯ news» газетасы жергиликтүү кеңештердин шайлоосундагы үгүт иштерин жарнама кылганга аккредитациядан өткөн. Бул интервью чыккан 7-бет аккредитация боюнча 860 кв. см. = 21 500 сомду түзмөк жана мыйзам боюнча бул сумма "Ынтымак" саясий партиясынын каржылык маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан төлөнүшү керек болчу! (Газетанын прайсы боюнча бул беттин 1 кв см = 25 сом деп турат).

Жогоруда айтылган интевьюда журналист М.Маматалиевге:

***" - Марлен мырза, "Ынтымак" партиясын жетектеп, шаардык жана жергиликтүү кеңештердин шайлоосуна ат салышып атасың. Катарыңар негизинен чиновниктердин, байлардын балдарына тизилгенин кандайча түшүндүрөсүң? Карапайым элдин билимдүү уул-кыздары саясатка аралаша албайбы?..***

***- Жергиликтүү шайлоолорго 14 шаардан катышып жатабыз, колдон келишинче баардык жактарга талап койдук, "таза адамдар жана жаштар болсун" деп. Ошол эле Бишкекте тизменин 79%ын жаштар түздү. "Жалаң тазаларды тандадык" деп айта алабыз. Ал эми "жалаң чоңдордун балдары" деген туура эмес маалымат. Ошол эле учурда айрымдары бар, бирок алардын шайлоого аттанышына ата-энелеринин эч кандай тиешеси жок, менин өзүмдүн же команданын жеке тааныштары..." – жана ушул сыяктуу "Ынтымак" саясий партиясуу тууралуу баяндалган. Бирок төмөндөгү мыйзам бузуу менен:***

8.2. Бардык басылма жана башка үгүт материалдары үгүт материалдарын даярдаган уюмдун аталышын жана дарегин (адамдын фамилиясын, атын, атасынын атын жана жашаган жеринин дарегин), бул үгүт материалдарын даярдоону заказ кылган жактын фамилиясын, аты-жөнүн (уюмдун, жеке ишкердин аталышын), алардын нускасы жана чыгаруу датасы жөнүндө маалыматты, алардын жасалышына тиешелүү шайлоо фондунун каражаттарынан төлөө жөнүндө маалыматты, ошондой эле заказга акы төлөгөн талапкердин, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясын, атын, атасынын атын камтууга тийиш. Көрсөтүлгөн маалыматтарды камтыбаган үгүт материалдарын таркатууга тыюу салынат.

Шайлоо алдындагы үгүт материалдарын тиешелүү шайлоо фондунан алдын ала акысыз жана ушул беренеде белгиленген талаптарды бузуу менен даярдоого тыюу салынат.

Вх № 444 от 30.03.21г

Ушул пункттун талаптарын бузуу менен жасалган үгүт материалдарын таркатууга тыюу салынат.

Тышкы үгүт материалдарын жайгаштырууда талапкерлер, саясий партиялар аны жайгаштырганга чейин тышкы үгүт материалынын түрүн жана аны жайгаштыруу болжолдонгон орундун так дарегин көрсөтүү, үгүт материалынын үлгүлөрүн жана эскиздерин тиркөө менен тиешелүү шайлоо комиссиясына жазуу жүзүндө арыз берүүгө милдеттүү.

6.7. Акы төлөнүүчү басма аянты берилген учурда акы төлөө талапкердин, саясий партиянын тиешелүү шайлоо фондунан гана жүзөгө ашырылууга тийиш.

Мыйзамдын бузулушуна жол берген "Ынтымак" партиясынын лидери Марлен Маматалиевге чара көрүүңүздү өтүнөбүз.

***Ушуга чара көрүүңүздөрдү өтүнөм.***

Жоопту urmat.abdullo@gmail.com электрондук дарекке жибергенүүнүздү суранам.

Тиркеме: газетанын копиясы.

**Акунов Урмат Бектемирович**
2021-жылдын 28-марты